УДК: 37.014
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-214-220

**Карасартова Ч.Ж.**
тарых илим. канд., доц. м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
chinara.karasartova@mail.ru
**Карасартова Ч.Ж.**
канд. истор. наук, и.о. доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
chinara.karasartova@mail.ru
**Karasartova Ch.Zh.**
Candidate of Historical Sciences, Acting Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
chinara.karasartova@mail.ru

# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУнун ТАРЫХ ЖАНА СОЦИАЛДЫК-УКУКТУК БИЛИМ БЕРҮҮ ФАКУЛЬТЕТИ: КЕЧЭЭ ЖАНА БҮГҮН

# ФАКУЛЬТЕТ ИСТОРИИ И СОЦИАЛЬНО-ПРАВОВОГО ОБРАЗОВАНИЯ КГУ им. И. АРАБАЕВА: ВЧЕРА И СЕГОДНЯ

# FACULTY OF HISTORY AND SOCIFL AND LEGAL EDUCATION OF KSU I. ARABAEVA: YESTERDAY AND TODAY

**Аннотация:** Бул макалада И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин түзүлүү тарыхы жана анын ишмердүүлүгү туралуу баяндалды. Учурдагы архивдик материалдарын негизинде факультеттин ар тарптуу ишмердигине талдоо жүргүзүлүп, ийгиликтерине баа берилди.
**Негизги сөздөр:** Департамент, факультет, кафедра, билим берүү, студенттер, бүтүрүүчүлөр, тарбия иштери, кызматташуу, стипентианттар.

**Аннотация:** В статье рассказывается об истории и деятельности факультета Истории и социально-правового образования Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева. На основе текущих архивных материалов была проанализирована различная деятельность факультета и дана оценка его успехам.
**Ключевые слова:** департамент, факультет, кафедра, образование, студенты, выпускники, воспитательная работа, сотрудничество, стипендиаты.

**Annotation:** This article describes the history and activities of the Faculty of History and Social and Legal Education of the Kyrgyz State University named after I. Arabaev. On the basis of current archival materials, various activities of the faculty were analyzed and an assessment was made of its success.
**Keywords:** department, faculty, department, education, students, graduates, educational work, cooperation, fellows.

Коомдун ар тараптуу өнүгүп-өзгөрүүсү илим менен билимдин жана тарбиянын сапатынан түздөн-түз көз каранды экендиги талашсыз. Ал эми келечек муунду тарбиялоо жана аларга билим берүү үй-бүлө менен биргеликте бала бакчада, андан кийин мектептерде,

колледждерде, жогорку кесиптик билим берүү окуу жайларында ишке ашырылат эмеспи. Мектепти бүтүргөн окуучулардын бардыгы эле жогорку окуу жайларга тапшыра беришпегендиги анык. Андыктан, жогорку окуу жайга тапшырбаган кыздар менен балдар ошол мектептен алган билим-тарбиясы менен коомго аралашат.

Демек, мектепте окуучуларга билим гана бербестен татыктуу тарбия берип, коомго пайда алып келе ала тургандай инсандарды калыптандырууда мектептин мугалимдеринин орду олуттуу. Ошол мектептин окуучуларына сапаттуу билим жана татыктуу тарбия бере тургандар – мектептин мугалимдери болуп саналат. Ошол мектептерде сабак берип, келечек муундарды тарбиялап турмушка аттандыра турган мугалимдердин дээрлик көпчүлүгү, И. Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинде даярдалат.

И. Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин тарыхына көз чаптырсак, өзүнүн алгачкы түзүлгөн мезгилинен (1945-ж.) баштап эле бул окуу жайда башталгыч класстын мугалимдерин даярдап чыгаруу максаты көздөлгөн [1]. Ошол мезгилдерден бери ал Кыргызстанда мектептер үчүн педагогикалык кадрларды даярдаган бирден-бир беделдүү окуу жайлардын бири болуп калды. Мурда В. В. Маяковскийдин атын алып жүргөн Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту, 1994-жылдан бери карай кыргыз элинин белгилүү агартуучусу, коомдук-саясий ишмери, Кыргызстандын педагогикалык билим берүү тармагынын өнүгүүсүнө өзүнүн зор салымын кошкон улуу инсан И. Арабаевдин ысымын алып жүрөт [2].

Азыркы мезгилде дүйнө жүзүндө болуп жаткан глобалдык өзгөрүүлөр, өнүгүүнүн темпи мыкты жана мобилдүү адистерди даярдоого болгон муктаждыкты күчөтүүдө. Учурдагы глобалдык атаандаштыкка туруштук бере ала тургандай чөйрөнү жаратуу албетте, билим берүү тутумунун жокко чыгарылгыс милдети.

Демек, өлкөнүн билим берүү тутумунда жалпы эле билим берүүчү окуу жайлар, анын ичинде И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети учурдун талабына жооп бере ала тургандай абалда болуусу зарыл. Ушул өңүттөн алып караганда биздин университет башкалардан калышпай, республиканын билим берүү тармагындагы жүргүзүлүп жаткан реформаларга ылайык модернизациялануунун жолунда бир катар транформациялануууга дуушар болду. Учурда И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети он факультетти, алты институтту, бир бөлүмдү, эки колледжи жана бир гимназияны өз курамына камтыган, жалпы 12 миңден ашуун студент билим алып жаткан [3] ири окуу жайлардын бири.

Азыркы мезгилде өткөн муундардан таберик болгон нарктуу салттарды улантып келген И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, билим берүү мейкиндигинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун жогорку сапатын камсыз кыла ала тургандай, ички жана тышкы конкуренцияга жөндөмдүү болгон, эл аралык деңгээлде инновациялык университет деген татыктуу статуска ээ болгон окуу жайга айлануу максатында алгылыктуу иштерди жүргүзүп жатат. Ошондуктан “Социалдык жана профессионалдык жактан компетенттүү, инновациялык жана маалыматтык технологияларды мыкты өздөштүргөн, ар кандай шартка тез адаптацияланганга жөндөмдүү, чыгармачылык дарамети бийик, креативдүү адис-педагогдорду даярдап чыгаруу” [4] университеттин миссиясы катары белгиленген.

Албетте, окуу жайдын ийгилиги жана келечеги анын ар бир курамынын өнүгүүсү менен түздөн-түз байланыштуу. Алардын ичинде Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультети университеттин өнүгүүсүнө, өзгөрүүсүнө жана жаңылануусуна өз салымын кошуп келе жаткан курамдардын бири десек жаңылышпайбыз.

Маклабызда жогоруда аталган факульттеттин тарыхына, иштердүүлүгүнө кыскача талдоо жүргүзүү максаты коюлду.

Талдоого алынып жаткан Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультети И. Арабаев атындагы кыргыз мамлекетик университетинин курамында 1999-жылдан бери өз

ишмердүүлүгүн жигердүү жүргүзүп келе жатат. Факультеттин тарыхына токтоло кетсек, алгач, 1996-жылы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекетик педагогикалык университетинин (КМПУ) филология факультетинин курамында тарыхчы мугалимдерди даярдай турган бөлүм негизделген. Ал эми 1999-жылы 29-январда болуп өткөн И.Арабаев атындагы КМПУнун Окумуштуулар кеңешинин №4 протоколунун чечими менен тарых адистиги филология факультетинен бөлүнүп чыгып Табигый жана гуманитардык билим берүү Борборунун алдында Коомдук илимдер департаменти болуп түзүлгөн [5]. Ал мезгилде департаментте “Кыргызстандын тарыхы жана жалпы тарых” деп аталган бир гана кафедра болгон жана анын жеткекчиси болуп бир адам, үч жардамчы персонал эмгектенишкен. Департаменттин алгачкы негиздөөчүсү тарых илимдеринин доктору, профессор, “Манас” орденинин кавалери Маанаев Эгемберди Жумагулович – департаменттин директорунун кызматын аткарса, Карасартова Чынаркүл Жумашовна (мен) күндүзгү окуу бөлүмүнүн методисти, Асекова Салтанат Урумовна сырттан окуу бөлүмүнүн методисти, ал эми директордун катчысы Богомолова Нина Павловна болгон.

Алгачкы жалдар департамент үчүн абдан жемиштүү жылдардан болду. Анткени 1999-жылы жайкы абитуриенттерди кабыл алуу компаниясында департаменттин 1-курсуна 250-дөн ашуун студенттер кабыл алынды. Мындай ийгиликтер кийинки жылдары дагы кайталанды, натыйжада департаментте студенттердин саны менен бирге профессордук-окутуучулар курамынын саны жана сапаты дээрлик өстү. Ошентип, 2001-жылдын 9-июнунда ректордун №185/5 буйругу менен Коомдук илимдер департаменти, Коомдук адистерди даярдоо борбору болуп өзгөртүлдү. Ушул жылдан баштап, борбордо бюджеттик бөлүм ачылып, ага дагы студенттер кабыл алына баштайт. Коомдук адистерди даярдоо борбору статусуна ээ болгон жаңы курамда 3 кафедра, 2 компьютердик класс, окуу кабинеттери иш алып бара баштаган. Жыл өткөн сайын аталган окуу борбору андан ары тездик менен жогорулап, натыйжада 2004-жылдын апрель айында Бишкек шаардык юстиция башкармалынан кайрадан каттоодон өтүп, Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институту [6] статусуна ээ болгон.

2015-жылы институт өзүнүн түзүлгөндүгүнүн 15 жылдыгына жана И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин 70 жылдыгын карата “Бүтүрүүчүлөрдүн слётун” уюштуруп, алгачкы бүтүрүүчүлөр уядан учкан 2001-жылдан берки жыйынтыгын чыгарды. 2001-2015-жылдар аралыгында институтту бүтүргөн студенттердин саны 2182-ни түзгөн. Алардын ичинен 894 студент күндүзгү окуу бөлүмүндө даярдалса, сырттан окуп бүтүргөндөрдүн саны 1288 студентке жеткен. Алардын ичинен 163 студент артыкчылык дпломуна ээ болгон.

“Бүтүрүүчүлөрдүн слётунун” максаты бүтүрүүчүлөр менен кайтарым байланышты түзүү аркылуу алар менен ар тараптуу кызматташуу, ошондой эле 15 жыл аралыгындагы жасалган иштердин натыйжасын талдоо болгон. Бул иш чаранын жыйынтыгында “Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясы” [7] түзүлүп, бүгүнкү күнгө чейин коюлган максаттын алкагында иш алып барууда. “Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясын” түзүү ошол учурдун талабына төп келип, институт үчүн адбан маанилүү иштердин бири болгон. Анткени Кыргызстандын билим берүү тармагы Болон процессине өткөндүктөн, билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун бир багыты, иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөр менен тыгыз байланышта болууну талап кылууда. Учурда иш берүүчүлөрдүн арасында институттун көптөгөн бүтүрүүчүлөрү бар. Андыктан алар менен тыгыз байланышта болуп, өнөктөштүк мамилени калыптандыруу жана өнүктүрүү аркылуу коомго татыктуу, билимдүү, компетенттүү инсандарды тарбиялап чыгаруу, биздин окуу жайдын негизги максаттарынын бири болуп саналат.

Белгилеп коючу жагдай, буга чейин деле факультет өзүнүн бүтүрүүчүлөрү менен иш алып барууда жана кызматташууда ири тажрыйбага ээ болгон. Факультетте калып эмгектенип жаткан Айтымбет кызы Айгүл, Тентимишова Кенже, Амантур уулу Эдил,

Амантур уулу Чынгыз, Сапарбекова Рита, Карыбекова Гүлнура, Темирбек уулу Идеат, Осмоналиева Айгиза сыяктуу бүтүрүүчүлөр учурда дасыккан окутуучулардын катарындагы биздин кесиптештер. Ошондой эле, Абылов Алтынбек, Токтогулов Улан, Ажыгулова Аида, Абдилат кызы Миргүл, Кадыров Эрлан, Өмүркул уулу Канат, Байдилдеев Жумагул ж.б.у.с. ондогон бүтүрүүчүлөрүбүз университеттин башка курамдарында ар түрдүү кызматтарда эмгектенишүүдө.

Мындан сырткары мектептерде, музейлер менен архивдерде иштеген көптөгөн бүтүрүүчүлөр менен педагогикалык жана архивдик-музейлик практикалардын учурунда кызматташтык ишке ашырылат. Ошондой эле, илимий-практикалык конференцияларды, тегерек отурумдарды ж.б. иш чараларды өткөрүүтүн алкагында дагы тыгыз кызматташтык орногон.

Өз эмгегинен баар таап, чоң ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүлөрүбүз дагы жок эмес. Айтсак, т.и.к. Шеров Шайырбек – Баткен облусунун мамлекеттик администрациясынын бөлүм башчысы, Сатаркулов Бакыт – КРнын транспорт жана коммуникация министирлигинин алдындагы жол каттамдар башкармалыгынын начальнигинин орун басары, Чыйбылова Асел – өзгөчө кырдаалдар министирлигинин Баткен шаарындагы штабынын кадр жана мобилизациялык иштер боюнча бөлүмүнүн башчысы, мурда УТРКнын “Манас таануу” теле берүүсүнүн алып баруучусу болуп эмгектенген Казиев Абдыбек – бүгүнкү күндө БиБисинин штаттык корреспонденти, Мидинова Бактыгүл Сулайман-Тоо музей-комплексинин директорунун орун басары, Джумагулова Замира – Кыргыз Республикасынын Саясий документтер Борбордук мамлекеттик архивинин директору, Бакиева Нуржамал – Бишкек шаарындагы №51 – балдар бакчасынын башчысы кызматтарын аркалап келишүүдө. Ошондой эле, Самудинов Өмүрбек, Иманкулова Нурхат, Асанбаева Айдай, Абакирова Күмүшай жана башка бүтүрүүчүлөрүбүз мамлекеттик тарых музейинде ар кандай кызматтарда эмгектенишет.

Бизди өзгөчө кубандырган бүтүрүүчүлөрүбүз ардактуу мугалимдик кесибин аркалап, жаш муундарды тарбиялоого өз салымдарын кошуп жаткандар. Алардын арасында, Маркашов Замир – Талас облусундагы Манас райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, Сатыбалдиев Эсенбек – Ат-башы районундагы Ж.Кайыпов атындагы орто мектептин директору, Советбеков Майрамбек – Кемин районунун Жол-Булак орто мектебинин директору, Чекирбаев Эркинбек – Кочкор районунун Ак-Чий орто мектебинин директору, Турусбеков Данияр Чоң-Таш айлындагы С. Чокморов атындагы орто мектептин директору, Попова Светлана – №61- Е.Б. Якир атындагы АФММЛнин тарых мугалими, Мамытбеков Турдубай – Республикалык “Анадолу” Кыргыз-Түрк лицейинин тарых мугалими. Алардын бардыгын бир макалага батыруу мүмкүн эмес. Кыргызстандын бардык булуң-бурчтарында көптөгөн бүтүрүүчүлөрүбүз тарых мугалимдери болуп эмгектенишет. Айыл аймагында жергиликтүү кеңештерде депутат, айыл өктөтү кызматын аркалап, мамлекеттин жүгүн аркалагандары дагы бар.

Түзүлгөндөн бери өзүнүн өнүгүү жолунда тарых факультети көптөгөн алгылыктуу иштерди аткаруунун натыйжасында белгилүү деңгээлдеги жетишкендиктерге ээ болуу менен бай тажрыйба топтой алды. Алсак, факультеттин профессордук-окутуучулар курамынын сапаттык көрсөткүчү дээрлик эки эсеге жогорулады. Департамент учурунда кафедрада тарых илиминин бир доктору жана бир нече гана кандидаттары болгон болсо, учурда Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинде тарых илиминин 7 доктору жана 15 кандидаты эмгектенишет. Мындай сапаттык көрсөткүч менен тарых факультети университеттин курамдарынын арасында алдыңкы орунду ээлеген курам болуп эсептелээрин баса белгилеп коюу абзел.

Акыркы жылдары факультеттин материалдык-техникалык базасы дагы жакшыртылууда. Лекциялык дарстар заманбап интерактивдүү доскалар, видеопроекторлор, ноутбуктар,

экрандар менен камчыздалган. Окуу жараянын камсыз кылган компьютерлердин бардыгы интернет түйүнүнө кошулган. Натыйжада, интерактивдүү доскаларды пайдалануу менен интерактивдүү сабактарды өткөргөн окутуучулардын саны өсүүдө.

Студенттерди мугалимдик кесипке багыттоодо педагогикалык практикалрдын орду олуттуу. Андыктан педагогикалык практикаларга факультетте өзгөчө көңүл бурулат. Күндүзгү бөлүмдө окуган студенттер үчүн практикалардын базаларынын дээрлик бардыгы Бишкек шаарындагы жалпы орто билим берүүчү мекемелер жана архивдер менен музейлер болуп саналат. Базалык мектептердин арасында орто мектептер, окуу-тарбия комплекстери, гимназиялар, лицейлер, жеке менчик орто окуу жайлары бар.

Факультетте педагогикалык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун артыруу менен мезгил талабына ылайык студенттерде зарыл болгон компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу максатында “Тажырыйба лабараториясы” иштейт. Лабараторияда студенттерде социалдык-инсандык компетенцияларды калыптандырууга багытталган тарыхый маанидеги маданий-массалык таанып билүүчүлүк жаатындагы иштер жакшы жолго коюлган. Анын алкагында студенттер тарыхый маанилүү окуяларга байланыштуу окуяларды театралдаштырып сахнага алып чыгышууда.

Мындан сырткары факультет өзүнүн эл аралык байланыштарын кеңейтүүнүн үстүнөн дагы туруктуу иштерди жүргүзүп келет. Бүгүнкү күндө Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультети жакынкы жана алыскы мамлекеттердин бир катар жогорку окуу жайлары, фонддору, эл аралык өкүлчүлүктөрү менен кызматташат. Россиянын М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин тарых факультети жана Алтай мамлекеттик педагогикалык университети, “Институн Евразийских исследований институту, эл аралык “Единство”, “Евразийцы – новая волна” коомдук фонддору, “Түркүянын Чорум шаарындагы Хитит университети, Кыргыз Республикасындагы Иран Ислам Республикасынын элчилигинин алдындагы маданий өкүлчүлүк, эл аралык “Сорос-Кыргызстан” фонду ж.б. менен тыгыз иш алып барууда.

Факультеттин эл аралык кызматташтыгы ар кандай багыттарда жана биргелешкен долбоорлордун алкагында ишке ашырылат. Алсак, М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин тарых факультети менен болгон кызматташтыктын натыйжасында факультетте Ресурстук борбор ачылып, ал борбор Россия тараптан факультетке керектүү болгон окуу-куралдар менен жабдылган. Түркүя менен болгон кызматташтыктын алкагында “Мевлана” программасынын жеңүүчүлөрү болгон факультеттин бир катар студенттери Хитит университетине барып жарым жыл окуп келишкен. Алар, Разак уулу Дастан, Алымбек уулу М., Шадыкан уулу М., Жекшенбек уулу К., Атамбек уулу Н, Жумабеков Ж.

Алардын ичинен, Разак уулу Дастан окууну бүтүргөндөн кийин Токмок шаарындагы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз-Түрк “Себат” лицейинде тарых мугалими катары иштеп, кийин Түркияда магистратурада, андан кийин докторантурада билимин улантты. Кыргыз Республикасындагы Иран Ислам Республикасынын элчилигинин алдындагы маданий өкүлчүлүк менен биргеликте көптөгөн илимий конференциялар уюштурулуп өткөрүлүп келет. “Сорос-Кыргызстан” фондунун колдоосу менен факультетте “Адам укугу” клиникасы иш алып барып, беш жылдык долбоордун алкагында мектеп окуучуларынын укуктары менен милдеттерин таанытуунун үстүндө иш алып барышты. Фонд тарабынан жарыяланган “Ачык билим берүү ресурстары” конкурста факультеттин ага окутуучусу К.А. Курманалиев “Кыргызстандын тарыхындагы урунтуу учурлар” – деген аталыштагы мульти-медиалык окуу куралы менен катышып, биринчи орунду багындырып ноутбук жеңип алды. Профессорлор Э.Ж. Маанаев менен Н.У. Курбановалар монографиялары үчүн фотоаппарат жеңип алышты.

Россиялык фонддор менен биргеликте бир нече долбоорлор ишке ашырылууда. Алардын бири тарыхтагы Кыргызстан-Россия мамилелерин жаңы көз караште кайрадан карап чыгып, орто мектептер үчүн тарыхый факылар менен тастыкталган материалдарды камтыган, окуу куралын иштеп чыгуу маселеси турат. Экинчиси, Россиянын окуу жайлары менен тыгыз байланыштарды орнотуу, б.а. бюджеттик негизде билим бере турган магистратура бөлүмдөрүнө магистранттарды тартуу. Ал эми үчүнчүсү, 9-май Улуу Жеңиш күнүн майрамдоо аземин биргелешип, илимий-практикалык иш-чаралар менен коштоп татыктуу өткөрүү. Учурда, бул долбоорлорду ишке ашырууда Алтай мамлекеттик педагогикалык университети менен кош диплом билим берүү боюнча кызматташтык ишке ашырылууда. Анын алкагында 1-курска 7 студент кабыл алынды, алар бир эле убакта КМУда билим алышат. Ал эми 9-май Улуу Жеңиш күнүн майрамдоо аземин биргелешип, илимий-практикалык иш-чаралар, флешмоб, көргөзмөлөр, филимдер менен коштоп өткөрүү салтка айланып калды десек болот.

Факультеттин студенттери профессор Н.У. Курбанованын жетекчилиги астында “Евразийцы – новая волна” КФнын иш-чараларынын алкагында “Россия в стихах и произведениях классиков” деген темада ЖОЖдор аралык сынакка Мамлекеттик саламаттыкты сактоо институтунун студенттери менен бирге катышып сыйлык, кубок жана дипломдорго ээ болушту.

Факультеттин студенттеринин ар кандай номиналдуу стипендияларга туруктуу ээ болууларын факультеттин жаратып жаткан ийгиликтериндеги бирден-бир чоң жетишкендик катары баалоого болот. М.В. Ломоносов атындагы стипендиянын алгачкы лауреаттары К. Арзыкулова, К. Шергазиев, К. Абакирова, Жолдошбек уулу А. болсо, алардын жолун улантуучулар Бархатбек уулу С., Рахимбекова Ш., Алымкул уулу Э., Рысмендиева Ж., Нурланбекова А. болушту Ал эми Президенттик “Үмүт” стипендиясынын лауреаттары: Разак уулу Дастан, Жумабеков У., Рахимбекова Ш, Моңолдор кызы Элизат, Абдыраманов Дастандар болушту. Мындан сырткары жыл сайын факультеттен бирден студент ректолук стипенияга көрсөтүлүп, аталган стипендиянын лауреты болуп келүүдө.

Студенттер менен тыгыз жигердүү коомдук, маданий-массалык, тарбиялык жана спорттук иштерди факультеттин Студенттик Өкмөтү алып барат. Факультетте салт катары калыптанып калган туруктуу иш чаралар менен бирдикте эле мезгилдин талабына ылайык ар кандай багыттагы жигердүү жана кызыктуу интеллектуалдуу иштер жүргүзүлөт. Салтуу иштерге токтолсок, анда жыл сайын 1-сентябрда “Билим күнү” белгиленип, анда 1-курстардын студенттерине университетибиз атын алып жүргөн улуу инсан И. Арабаевдин ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтар берилет. Быйыл дагы Э.Арабаевдин 140 жылдык маарекесине арналган иш чара факультетте 5-сентябрда болуп өттү. 23-сентябрда “Тил майрамы”, октябрда Токмок шаарындагы Бурана мемориалдык-архитектуралык комплексине экскурция, 7–8-ноябрда “Тарых жана ата-бабаларды Эскерүү” күнү, 17-ноябрда “Студенттердин эл аралык күнү”, 1-курстарды студенттике кабыл алуу аземи, Жаңы жыл майрамы, 23-февралда “Ата мекенди коргоочулар күнү”, 8-мартта “Аялдардан эл аралык күнү”, 21-мартта “Нооруз” майрамдары, май айында “Бүтүрүүчүлөр кечеси” майрамдалат. Жыл сайын университетте өткөрүүлүчү спартакиядага катышуу менен студенттерибиз ар жылы байгелүү орундарга ээ болуп турушат.

Мындан сырткары факультеттин “Билге” клубу студенттер менен илимий, интеллектуалдык иш алып барат. Анын түзүүчүсү факультеттин бүтүрүүчүсү Амантур уулу Чынгыз. Клубдун мүчөлөрү ЖОЖдор аралык ар тараптуу акыл-ой таймаштарга, сынактарга, дебаттарга, дискуссияларга катышыуу аркылуу өз билимдерин терендетип гана жөн калбастан, өздөрү дагы офлайн жана онлайн конкурстарды уюштуруу менен мектеп окуучуларынын арасында кесипке багыт берүү иштерин системалуу жүргүзүп келишет.

Клубдун мүчөлөрүнүн арасында активдүү позициядагы студенттер, көптөгөн сыйлыктардын, наамдардын ээлери бар.

Факультеттин эмгек жамааты өлкөдө болуп жаткан бардык окуяларга кайдыгер мамиле кырышпайт. Алсак үстүбүздөгү жылдын 14–17-сентябрында болуп өткөн кыргыз-тажик чек арасындагы куралдуу кагылышуудан жапа чеккендерге 1 күндүк эмгек акыны который гондон сырткары дагы, ТСУББФнин студенттери менен окутуучулары биргеликте өз каалоолору менен жабыркагандарга 16 400 сом өлчөмүндөгү жардам көрсөтүштү [8].

Бүгүнкү күндө факультет өзүнүн даярдоо багыттарына ылайык 550400 «Социалдык-экономикалык билим берүү» багыты боюнча тарых профилиндеги бакаларларды, 521101 «Социалдык иш» багыты боюнча социалдык иш профилиндеги бакаларларды даярдайт.

Мындан сырткары, факультетте бир нече магистрдик программалар ишке ашырылат. Алсак, "Кыргызстандын тарыхы XX кылымдын акыркы чейрегинде – XXI кылымдын башында", "Тарых", "Дин маданиятынын тарыхы", "Укук коргоо ишмердүүлүгүндөгү социалдык иш".

Студенттерге, магистранттарга сапаттуу билим берүү факультеттин эки кафедрасында: Кыргызстандын тарыхы жана этнологиясы, Жалпы тарых жана социалдык-экономикалык жана укуктук билим берүү кафедраларында ишке ашырылат.

2022-жылы И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинде негизги кызматта жалпы 44 педагог эмгектенет, алардын ичинен 29 штаттагы профессордук-окутуучулук курамды түзсө, калган 8 – окутуучу ички, ал эми 7 – сырттан келгендер болуп саналат.

Учурда факультетте билим алып жаткан студенттер менен магистранттардын жалпы саны – 486, анын ичинен 121 – магистрант, 120 – күндүзгү окуу формасында контрактык негизде окуган студенттер, 71 – бюджеттик негизде окуган студенттер жана 174 – дистанттык формада билим алып жаткандар.

Быйыл биздин факультет окуу жайыбыз ысымын алып жүргөн кыргыз элинин белгилүү агартуучусу, коомдук-саясий ишмери, Кыргызстандын педагогикалык билим берүү тармагынын өнүгүүсүнө өзүнүн зор салымын кошкон улуу инсан И. Арабаевдин 140 жылдыгына арналган ар кандай деңгээлдеги көптөгөн иш чараларды уюштуруп өткөрүү менен алектенүүдө.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Татыбекова Ж. Великий Октябрь и женщины Киргизстана. – Ф.: Кыргызстан 1975. 152-б.
2. Асанканов А., Маанаев., Э.Ж., Усупова Н.С. Кузница педагогических кадров. – Б, 2002. – 120 с.
3. И. Арабаев атындагы КМУнун учурдагы архиви.
4. И. Арабаев атындагы КМУнун 2-корпусундагы стендден алынган текст.
5. И.Арабаев атындагы КМПУнун 1999-ж. Окумуштуулар кеңешинин 4 протоколунун токтому, б. 5.
6. И.Арабаев атындагы КМУнун учурдагы архиви.
7. И.Арабаев атындагы КМУнун Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун учурдагы архиви.
8. https://www.instagram.com/reel/Ci4XSpPA1lz/?igshid=MDJmNzVkMjY=
9. http://arabaev.kg/index.php?e8b21e13ffb61794833c93e774670f7c=newsarabaev&id_news=2114/?from=bilim&pe=main-last

**Рецензент: тарых илим. канд., доц. Курманали кызы М.**